# Д 12.23.669 диссертациялык кеңеши

# № 20 ПРОТОКОЛ

Абдылдаева Наргиза Уркасымовна юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери” (Конституционно-правовые основы избирательной системы Кыргызской Республики) темасындагы диссертациялык ишинин алдын ала коргоо жөнүндө

**6-сентябрь 2024-ж.** **Бишкек ш.**

## Күн тартиби

1. Абдылдаева Наргиза Уркасымовна юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери” (Конституционно-правовые основы избирательной системы Кыргызской Республики) темасындагы диссертациялык ишин алдын ала коргоо.

**Адистиги:** 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук.

**Илимий жетекчи:** Арабаев Автандил Анисович – юридика илимдеринин доктору, профессор.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Урматтуу кесиптештер, Диссертациялык кеңештин отурумун ачык деп жарыялоону сунуштайм. Кворум бар, Диссертациялык кеңештин 16 мүчөсүнөн, 13 мүчөсү отурумга катышууда:

1.Токтобаев Болот Токтомышевич – төрага, юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.01.

2.Сагыналиева Венера Желденовна – окумуштуу катчы, юридика илимдеринин кандидаты, доцент, адистиги 12.00.01.

3.Шамурзаев Таалайбек Турсунович – төраганын орун басары, юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.09, 12.00.08.

4.Адилов Айбек Насырович – юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.09, 12.00.14.

5.Аманалиев Урмат Олжобекович – юридика илимдеринин доктору, доцент, адистиги 12.00.02, 12.00.14.

6.Джумагулов Айдар Муратович – юридика илимдеринин доктору, доцент, адистиги 12.00.01, 12.00.02.

7.Джумалиев Данияр Сардарбекович – юридика илимдеринин доктору, доцент, адистиги 12.00.01,12.00.02.

8.Исманов Таалайбек Кадырович – юридика илимдеринин доктору, доцент, адистиги 12.00.01.

9.Ким Олег Дмитриевич – юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.09.

10.Сманалиев Кынатбек Мойнокович – юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.09.

11.Сулайманова Назгуль Назарбековна – юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.08.

12.Сыдыкова Лейла Чынтургановна – юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.08.

13.Токтогулов Алмаз Асылбекович – юридика илимдеринин доктору, доцент, адистиги 12.00.02,12.00.14.

14.Тугольбаева Бермета Галиевна – юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.09,12.00.08.

15.Саякова Мария Касымовна – юридика илимдеринин доктору, доцент, адистиги 12.00.08, 12.00.14.

16.Молдоев Эдилбек Эсенович – юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.01,12.00.14.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Күн тартиби боюнча кимде кандай сунуштар бар? Эгерде сунуштар жок болсо, анда добушка коём. Урматтуу кесиптештер добуш берип коюңуздар. Бары «макул», бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Диссертанттын аттестациялык иши боюнча маалымат берүү үчүн сөз Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, ю.и.к. В.Ж. Сагыналиевага берилет.

**Окумуштуу катчы, ю.и.к. Сагыналиева В.Ж.:** Урматтуу Диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, изденүүчү Абдылдаева Наргиза Уркасымовна аттестациялык ишиндеги бардык керектелүүчү документтер Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын талаптарына ылайык туура даярдалган.

Курамы ю.и.д. (12.00.02), доцент Джумалиев Д.С., ю.и.д. (12.00.01), доцент Аманалиев У.О., жана ю.и.д. (12.00.01, 12.00.02), доцент Джумагулов А.М. турган эксперттик комиссия үч оң корутунду берди. Ошол эле маалда, корутундуларда диссертациялык иш боюнча айрым эскертүүлөр бар болгон жана аларды жок кылуу үчүн изденүүчүгө убакыт берилген.

Андан тышкары, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу

Д 12.23.669 диссертациялык кецешинин эксперттик комиссиясы тарабынан Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын "Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери" (Конституционно-правовые основы избирательной системы Кыргызской Республики) темасындагы диссертациялык иши боюнча баштапкы документтердин аныктыгын текшерүү акты берилди.

Кыскача маалымат ушундай, суроолор болсо берсеңиздер болот. Рахмат!

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Окумуштуу катчыга суроолор барбы? Эгер суроолор жок болсо, анда сөз изденүүчү Абдылдаева Наргиза Уркасымовнага. Урматтуу изденүүчү, регламент боюнча сизге он мүнөткө чейинки убакыт берилет, алгач баяндама жасасаңыз, андан кийин суроо-жоопторго өтөбүз.

**Окумуштуу катчы, ю.и.к. Сагыналиева В.Ж.:** Урматтуу Диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, изденүүчү Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын аттестациялык ишиндеги бардык керектелүүчү документтер Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын талаптарына ылайык туура даярдалган.

Курамы ю.и.д. (12.00.02), доцент Джумалиев Д.С., ю.и.д. (12.00.01), доцент Аманалиев У.О., жана ю.и.д. (12.00.01, 12.00.02), доцент Джумагулов А.М. турган эксперттик комиссия үч оң корутунду берди. Ошол эле маалда, корутундуларда диссертациялык иш боюнча айрым эскертүүлөр бар болгон жана аларды жок кылуу үчүн изденүүчүгө убакыт берилген.

Андан тышкары, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу Д 12.23.669 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясы тарабынан Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын "Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери" (Конституционно-правовые основы избирательной системы Кыргызской Республики) темасындагы диссертациялык иши боюнча баштапкы документтердин аныктыгын текшерүү акты берилди. Кыскача маалымат ушундай, суроолор болсо берсеңиздер болот. Рахмат!

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Окумуштуу катчыга суроолор барбы? Эгер суроолор жок болсо, анда сөз изденүүчү Абдылдаева Наргиза Уркасымовнага. Урматтуу изденүүчү, регламент боюнча сизге он мүнөткө чейинки убакыт берилет, алгач баяндама жасасаңыз, андан кийин суроо-жоопторго өтөбүз.

**Изденүүчү Абдылдаева Н.У.:** Урматтуу Болот Токтомышевич! Урматтуу Диссертациялык кеңештин мүчөлөрү! Бүгүн сиздердин карооңуздарга юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын

изденип алуу үчүн "Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери" темасындагы диссертациялык изилдөө иши сунушталууда.

Илимий изилдөөнүн жүрүшүндө Конституция, шайлоо системасына тиешелүү мыйзамдар, токтомдор талдоого алынды. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхы талданды, шайлоо процесстерине тиешелүү укуктук практика каралды. *Изилдөөнүн максаты* – Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык негиздерин талдап, аларды өнүктүрүү боюнча теориялык жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу деп белгиледик..

**Белгиленген максатка жетүү үчүн милдеттер коюлуп, ишке ашырууга илимий иш аракеттер аткарылды:**

1. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын түшүнүгүнө талдоо жүргүзүү;
2. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхый негиздерин изилдөө;
3. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздерин талдоо;
4. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын бирдиктүү түзүлүшүнүн жалпы мүнөздөмөсүн аныктоо;
5. Шайлоо процессиндеги мыйзам бузуулар үчүн юридикалык жоопкерчиликке тартуу механизмдерин изилдөө;
6. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо процессинен чыккан көйгөйлөрдү аныктоо;
7. Шайлоо процессин калыптандырууда саясий партиялардын ролун жана алардын шайлоо процессинин калыптандыруусуна тийгизген таасирин анализдөө;
8. Шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин камсыз кылууга укуктук базаны жакшыртуу механизмдерин иштеп чыгуу.

Жүргүзүлгөн илимий изилдөөнүн натыйжасында, коюлган максатка ылайык коргоого 8 жобо иштелип чыкты: (биринчи үч жобо тарых, теория жана методологиясына байланыштуу болду)

**1.** Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын эгемендүү тарыхы азыркы учурга чейин изилденип, талданып, басып өтүлгөн жолдун негизинде төмөндөгүдөй тыянак чыгарылды: мамлекеттеги бийлик менен жарандын ынтымагын эриш аркак түшүнүү, колдоо менен өнүгүүгө кадам таштоо үчүн шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздеринин так аткарылышына жетип, шайлоо процессинин жыйынтыгы ачык айкын болуусун орундатуу маанилүү.

**2.** Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхый негиздерин ачып берүүдө анын калыптануусун жана өнүгүүсүн 4 этапка болүү аркылуу аныкталды. Алар төмөндөгү этаптар:

**1-этап, демократиялык институттарды түзүү мезгили деп 1991-жылдан 2000-жылга чейин белигледик.** Көз карандысыздык жарыялангандан кийинки Өлкөдө коомдун демократиялык тибине өтүү боюнча масштабдуу реформалар кеңири жүргүзүлгөн убакыт.

**2-этап, шайлоо системасына санариптешитрүүнү киргизүүнүн биринчи кадамдары деп 2000-2010-жылга чейин бөлүп талдадык,** бул мезгил шайлоо системасындагы санариптешүүнүн биринчи өзгөрүүлөрү "ГАС шайлоо" системасын колдонууга киргизилгендиги тууралу мүнөздөп, ошондой эле Жогорку Кеңештин депутаттары бирдиктүү шайлоо округу боюнча пропорционалдуу система менен шайланат деп тиешелүү мыйзамга өзгөртүү киргизилгендигин белгиледик.

**3-этап, шайлоо системасындагы санариптешүүнү киргизүүнүн улануусу жана системага орчундуу өзгөрүүлөр кирген этабы деп 2010-2020-жылдарга чейин деп белгилеп.** Бул этапта шайлоо системасына автоматтык эсептөө урна, анын негизинде электрондук протокол, биометрикалык паспорт жана анын негизинде бир жаран бир добуш принциби ишке ашкан, ошондой эле шайлоо участкаларына видео камералар коюлуп, экарандан байкоочулар шайлоочулар боюнча маалыматтарды корүүгө мүмкүнчүлүк пайда болгон.

**4-этап, деп биз (2020 дан бүгүнкү күнгө чейинки убакытты белгиледик.** 2020-жылы Кыргызстанда саясий өзгөрүүлөр орун алып, шайлоо системасынын натыйжалуулугун жана ачыктыгын камсыз кылуу үчүн аны реформалоо зарылдыгы тууралуу белгилүү болду. 3-этапта киргизилген техникалык өзгөрүүлөр албетте, КРсын Орто Азия олколөрү ичинде алдыга алып чыкты, шайлоонун жыйынтыгын бурмалаган механизмдер: Карусель, Бюлеттендерди таштоо, "Мертые души" жок эле адамдын ордуна шайлап чыгуу механизми жокко чыкты. Бүгүнкү кундө БШКнын алдында реформалоону улантуу зарылдыгы бар, бирок реформа санариптешүү инновациялык технологияларды колдонууга киргизүү багытында эмес мыйзамдарга тиешелүү өзгөрүүлөрдү киргизип, шайлоочу менен талапкердин жоопкерчилигин жогорулатып жана мыйзам бузуулар катталганда жоопкерчиликке тартуу механизмдерин иштеп чыгуу керек деп илимий иште аныктап сунуштоолорду киргиздик.

**3.** Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздерин талдоодо шайлоо системасына карата теориялык концепцияларды, методологиялык мамилелерди, ошондой эле шайлоо системасынын иштоөсүнүн озгөчөлүктөрүн камтып, пропорционалдык,

мажоритардык жана аралаш системалар, көп партиялуулук, эркиндик жана шайлоонун адилеттүүлүгү сыяктуу негизги түшүнүктөр талданды.

**4**. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын түзүлүшүн жана мүнөздөмөсүн аныктоо максатын ишке ашыруу үчүн "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум откөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндо конституциялык Мыйзам, Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө Мыйзам" жана тиешелүү нускамалар талданып анын негизинде шайлоо системасынын так мүнөздөп, тиешелүү мыйзамдарга сунуш киргизүү максаты ишке ашырылды. Илимий иштин жыйынтыганда "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө Мыйзамынын 23-беренесине" 14-бөлүгү менен төмөндөгүдөй толуктоо киргизүү сунушталды: *"Аймактык, участкалык шайлоо комиссиясы өзүнүн ыйгарым укуктарын жана тиешелүү участкасында шайлоочулардын шайлоого катышуусунун пайыздык көрсөткүчтөрү 50% 70% 90% жогору болуу учурда тиешелүү участактын мүчөлөрүн сыйлоо каралсын"*. Ушул эле мыйзамдын "*3-беренесинин, 1-бөлүгү 7 пунктан турган шайлоо комиссиялардын ишинин принциптерине 8-пункт катары "натыйжалуулук" принцип менен толуктоо сунушталды. Бул принцип коомдун шайлоо системасына болгон ишенимин камсыз кылууга жана шайлоонун эркиндигин менен адилеттүүлүгүн камсыз кылууга багытталат деп негизделди"*.

**5.** Шайлоо процессинен чыккан көйгөйлөрдү чечүү максатынын алкагында шайлоо процесстеги мыйзам бузуулар боюнча юридикалык жоопкерчиликке тартуу механизимдери талданып, тиешелүү мыйзамга төмөндөгүдөй өзгөртүү киргизүү сунушталды. "Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 196-беренесинин 3-бөлүгүнө: *Шайлоо өткөрүү мезгилинде акчалай каражаттарды, материалдык баалуулуктарды алуу же болбосо кандайдыр-бир кызматты же башка байгерчиликти алуу жолу менен шайлоочу өз добушун сатуусу боюнча 100дөн 500 эсептик көрсөткүчтөргө (10 000 ден 50 000 сомго чейин) чейин айып салууга жазаланат"*. Сунуштун негизги себеби, шайлоо системасындагы шайлоонун жыйынтыгын бурмалоону токтотуу үчүн шайлоочунун добушун сатып алуу боюнча юридикалык жоопкерчиликке тартуу беренесине, добуш сатып алган тараптан тышкары, добушун саткан шайлоочуну да Кылмыш-жаза кодекси аркылуу жоопкерчиликке тартуу боюнча толуктоо киргизүү сунушталды. 14-16.03.2020-жылы Ош жана Токмок шаарынын жергиликтүү кеңешинин шайлоосу мыйзам бузуулардан улам жокко чыгарылган. (Добуш сатып алуу). 04.10.2020-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин шайлоосунун жыйынтыгы бурмаланды деп, 6-октябрда, наразычылыктардын натыйжасында жокко

чыгарылган. 28.05.2023-жылы Бир мандаттуу №26-шайлоо округунда КРнын ЖКнин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоонун жыйынтыгы Добуш сатып алуу беренеси тастыкталып, шайлоонун жыйынтыгы жокко чыгарылган. (Талапкер Д.Ниязалиева, У.Сариев айыпталган)

**6.** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо процессиндеги көйгөйлөр талданып, алардын ичинен негизгилери болуп – шайлоонун кайра кайталанып уюштурулуп туруусу шайлоочунун шайлоодон тажагандыгына алып келүүдө деп аныкталды, ошондой эле мамлекеттик бюджеттке зыян келтирип, аны менен бирге мамлекеттин экономикасына залакасын тийгизүүдө деп белгиледик. Белгиленген көйгөйдү чечүү үчүн "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык Мыйзамдын 59-беренесинин 7-бөлүгүнө: М*андаттарды бөлүштүрүүдө алгач шайлоочулардын добуштарынын кыйла коп добушу берилген талапкер алат. Мандат бошогон учурда, шайлоочулардын добуштарынын кыйла көп добушу берилген экинчи талапкерге берилүүсү каралсын. Кезектеги талапкер тиешелүү бир мандаттуу шайлоо округунан шайлоого катышкан шайлоочунун 0,25 % алуусу шарт. Эгерде кезектеги талапкерлер тиешелүү пайыздуулук көрсөткүчүн алалбаса анда мыйзамда каралган мөөнөттө кайра шайлоо дайындалат*" деп толуктоо киргизүү сунушталды.

ЖКнын 7-чакырылышы жаңы кабыл алынган өзгөрүүлөр менен шайланып, жыйынтыгында 7-чакырылыштын кайра шайлоолору 22-сентябрда боло турган Сузак округун кошкондо 11 –округда шайлоолор кайталанган болот. 10-слайдка көнүл бурсаңыздар кайра кайталанган шайлоолорго сарпталган акча-каражаттары талданып көргөзүлгон. 2021-жылдын 28-ноябрындагы уюштурулган 7-чакырылыштын шайлоосуна– 592 531 000 (беш жүз токсон эки миллион беш жүз отуз бир миң) сарпталган, ал эми кийинки кайра кайталанып уюштурулган жана 22-сентябрда боло турган Сузак оркугун кошкондо шайлоолорго сарпталган каражат 127953100 (жүз жыйырма жети миллион тогуз жүз элүү үч миң жүз) түзгөн. Жалпы жонунан 7-чакырылшка бюджеттен 720 484100 (жети жүз жыйырма миллион төрт жүз сексен төрт миң жүз) сарпталган. Кайра кайра кайталанып уюштурулган шайлоолордун терс жактары орчундуу зыян алып келүүдө.

**7.** Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын калыптануусунда, шайлоо процессинин мыйзам ченеминде жүргүзүлүп, шайлоонун жыйынтыгынын бурмалоосун токтотууга болгон саясий партиянын ролу талдап, анын негизинде тиешелүү мыйзамга сунуш киргизилди. "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык Мыйзамынын

59-беренесинин, 2-бөлүгүнө: *Шайлоо күнүнө карата 25 жашка толгон, шайлоого укугу бар, жогорку кесиптик билими бар, мамлекеттик жана муниципалдык кызматта 3 жылдан кем эмес эмгек стажы бар, же болбосо жергиликтүү кеңеште бир чакырылыштан кем эмес депутаттык стажы бар Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болуп шайлана алат"* [5] деп толуктоо киргизүү сунушталды. Берилген сунуш тиешелүү бөлүмдө талданып, негиздер чагылдырылып аныктоо берилди.

**8.** Шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин камсыз кылууга укуктук базаны өркүндөтүү механизмдери талданды. Жүргүзүлгөн илимий изилдөөнүн негизинде "Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесинин 4-болүгүнө төмөндөгүдөй толуктоо сунушталды: *Шайлоолор жана референдумдар эркин, жалпыга бирдей, тең жана тикелей шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү менен өткөрүлөт. Кыргыз Республикасынын 18 жашка толгон жарандары шайлоо укугуна ээ болот жана катышууга милдетүү"* деп толуктоонун негизинде "Конституциянын кийинки 37-беренесинин 1-болүгүнө, *Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайланууга укукту, ошондой эле Референдумга, Президенттик шайлоого, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен жергиликтүү кенештин депутаттарын шайлоого катышууга укуктуу жана милдеттүү"* деп толуктоо киргизүү сунушталды.

Илимий изилдөөнүн алкагында өз алдынча сурмажылоо жүргүүлүп, ага Кыргыз Республикасынын 1567 жараны катышты, анын ичинен 890 респондент 18 жаштан 35 жашка чейинки курак, 542 респондент 35 жаштан 40 жашка чейин, 135 респондент 40 жаштан жогору болду.

**Эмне себептен аз шайлоочулар келди? –** Татыктуу талапкер жок болгондуктан -225 жооп берди.

**Жыйынтыгын бурмалоого кандай көрүнүш түрткү болуп жатат дегенде?–** Шайлоочунун шайлоого келбей койгондугунда деп – 598 жооп берди.

Бүгүнкү күндө коомчулукта депутаттарга байланыштуу терс мамиле калыптанып калган. Бул көрүнүштү акырындап жоюу үчүн талапкерлер үчүн талаптарды күчөтүү керектиги тууралуу жыйынтык чыгардык.

**Шайлоонун таза өтүшү эмнеден көз каранды?** Деген суроого жалпы жарандардын аң сезиминин өзгөрүшү маанилүү деп 1359 жаран жооп берген. Ошондой эле Добуш сатып алагандарды жазалоо деп да белгилешкен. Шайлоого катышууну коомчулукта укугу катары кабыл алат да ал эми жаран катары мамлекеттик бийликтин түптөлүшүнө анын шайлоого келип шайлап, анын тандоосунан да көз каранды экенин тилекке каршы түшүнө билишпейт.

Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын натыйжалуулугун, ачык-айкындыгын жана адилеттүүлүгүн, ошондой эле конституциялык принциптерди жана демократиянын эл аралык стандарттарын сактоону камсыз кылуу максатында аны өркүндөтүү боюнча мындан аркы аракеттердин зарылдыгы жөнүндө тыянак чыгарууга болот. Шайлоо мыйзамындагы теориялык ыкмаларды карап, киргизилген өзгөрүүлөргө баа берүү максатында Кыргыз Республикасынын шайлоо проңесси менен укуктарына талдоо жүргүзүлүп, эгемендүү шайлоо системасында бүгүнкү учурга чейинки болуп өткөн шайлоолордун жыйынтыгы талданды, маалыматтар БШКнын токтомдорунан алынды. Жүргүзүлгөн талдоонун негизинде көйгөйлөргө баа берилип, ар бир бапта өнүгүү жолдору боюнча, конкреттүү сушунтарды алып чыгуу максаты ишке ашты.

Кыскача ушундай, көңүл бурганыңыздар үчүн ыраазычылык билдирем! Суроолор болсо жооп берүүгө даярбыз.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Баяндама аяктады. Изденүүчүнүн баяндамасын, берген сунуштарын угуп төмөндөгүдөй суроо жаралды. Сиздин жүргүзгөн сурамжылооңузда респонденттердин көбү талапкерлер добушту сатып алышат деп жооп беришиптир, ошондо биздин мамлекетке кайсыл шайлоо системасы туура болот деп ойлойсуз, кандай сунушуңуз бар?

КРнын ЖКнин 7-чакырылышы 2021-жылы 5-майда кабыл алынган жаңы Конституциянын негизинде жүргүзүлүп, 54-депутат пропорционалдык система менен бирдиктүү шайлоо округунан, 36-депутат мажоритардык система менен бир мандатту округтан шайланып келишти. Мажоритардык система менен шайланып келген депутаттын мандаты бош калганда кайра шайлоолор уюштурулат деп киргизилген, дал ушул нормага өзгөртүү киргизүү керектиги тууралуу 6-жобого талдоонун негизинде сунуш киргиздик “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык Мыйзамдын 59-беренесинин 7-бөлүгүнө: *Мандаттарды бөлүштүрүүдө алгач шайлоочулардын добуштарынын кыйла көп добушу берилген талапкер алат. Мандат бошогон учурда, шайлоочулардын добуштарынын кыйла көп добушу берилген экинчи талапкерге берилүүсү каралсын. Кезектеги талапкер тиешелүү бир мандаттуу шайлоо округунан шайлоого катышкан шайлоочунун 0,25 % алуусу шарт. Эгерде кезектеги талапкерлер тиешелүү пайыздуулук көрсөткүчүн алалбаса анда мыйзамда каралган мөөнөттө кайра шайлоо дайындалат*”. Сунуш орундуу, себеби: биринчиден мамлекеттик бюджетке зыян алып келүүдө, экинчиден шайлоочуларды кайра-кайра

уюштурулган шайлоолор иренжитип шайлоо укугунан баш тартууга жеткирүүдө деп белгиледик. Мисалы 4-5-слайдка көңүл бурсаңыздар 2010-жылдан 2021-жылдын 28-ноябрында уюштурулган шайлоолордогу шайлоочунун жалпы саны жана шайлоого келип кеткен шайлоочунун саны салшытырып берилген. Талдоодон биз жылдан жылга шайлоочунун саны өсүп жаткандыгын көрүүдөбүз, ошол эле учурда шайлоого келип катышкан шайлоочунун саны төмөндөп жатканын көрүүдөбүз.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Кесиптештер, дагы суроолор барбы? Кийинки суроо **юридика илимдеринин доктору, профессор Адилов Айбек Насыровичтен** берилет: Чоң рахмат, изденүүчүгү менде төмөндөгүдөй суроо бар. Кыргыз Республикасынын шайлоо ситсемасынын тарыхын карап көрсөк, бизде пропорционалдык, можаритардык, аралаш шайлоо системасы да колдонулган, ошондо Сиз айтыңызчы, биздин мамлекетке кайсыл система эң ыйлайыктуусу болот?

**Изденүүчү Абдылдаева Н.У.:** Рахмат, Кыргыз Республикасынын шайлоо системасы 1995-жылдан можаритардык, аралаш системасын жана 2007-жылдан 2021-жылга чейин пропорҥионалдык система менен саясий партиялардын тизмеси аркылуу шайланып келген, бирок тилекке каршы позитивдүү прогнозко карабастан жыйынтыгы жакшылыка алып келген жок. Саясий партиялардын лидерлери биринчи 10-20-орундуктарды сатып, шайлоого катышууну бизнеске айландырганы тарых барактары далилдеп бере алат. Пропорционалдык системанын жыйынтыгы канаатандырлык болбогондуктан 2021-жылы жаны Конституция кабыл алынып, анын негизинде шайлоо системасы өзгөрүүгө учурады, жогоруда айтып кеткендей 54 бирдиктүү округ, 36 бир мандаттуу округтан шайланат деп өзгөртүүгө учураган. Пропорционалдык системага преференциалдык ыкма менен добуш берүү киргизилип, талапкерлердин баарына бирдей шарт түзүлдү да, саясий партиядагы орундуктарды сатууга бөгөт коюлду десек туура болот. Бирок мажоритардык система боюнча мыйзамдарга өзгөртүү киргизүү маселелси курч турат, себеби кайра – кайра шайлоолордун уюштурулуп туурусу терс көрүнүштөргө алып келүүдө. Жогорудагы маалыфматтарга таянып, сиздин берген суроонузга менин жеке оюм Кыргыз Республикасынын шайлоо системасына пропорционалдык система преференциалдык ыкма менен колдонууга алынса туура жана жеңил да болмок деп ойлойм.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Кесиптештер, дагы суроолор барбы? Кийинки суроо төраганын орун басары, юридика илимдеринин доктору, профессор Шамурзаев Таалайбек Турсуновичтен берилет: Изденүүчү Сиз коюлган максаттарыңызда КРнын ЖКнин шайлоолорун гана алыптырсыз, ошондо Сиз президенттик шайлоолорду кароого алган жоксузбу?

**Изденүүчү Абдылдаева Н.У.:** Рахмат, биз илимий жетекчибиз менен биргеликте илимий иштин максаттарын талкуулаганда, иштин структурасын түзкөндө, жетекчим КРнын ЖКнин шайлоосун конкреттүү түрдө алууну сунуштаган, ошол эле учурда изилдөдө биз референдумду да, президенттик шайлоону да талдоого алып караганбыз, ал эми жаңы сунуштарды парламенттик шайлоо боюнча иштеп чыкканбыз.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Кийинки суроо: депутаттык мандатты чакыртып алуу боюнча оюңузду билдирип кетсеңиз?

**Изденүүчү Абдылдаева Н.У.:** Рахмат, 2010-жылы Конституциялык кеңеште катышканда депуаттын мандатын чакыртып алууга көптөгөн юридика илимдеринин окумуштуулары каршы чыккан, себеби эл өкүлү эркин, эч нерсеге көз каранды болуусу шарт деп билдирүү айтышкан эле. Бүгүнкү күндө менин оюм озгөрүүсүз калды, 2021-жылда кабыл алынган жаңы Конституцияда, конституциялык Мыйзамда мандатты чакыртып алуу киргизилген, бирок тилекке каршы мехнизм иштелип чыккан эмес, жана практикада бул берене колдонууга алына элек.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Кесиптештер, дагы суроолор барбы? Эгер суроо жок болсо, анда изденүүчүгө ыраазычылык билдирем. Ордуңузга отура берсеңиз болот. Кийинки сөз окумуштуу катчы В.Ж. Сагыналиевага изденүүчүнүн илимий жетекчиси **юридика илимдеринин доктору, профессор** **Арабаев Автандил Анисовичтин** пикирин окуп берүүгө берилет:

Изденүүчү Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын диссертациялык изилдөөсүнүн темасы актуалдуу маселеге арналган. Теманын актуалдуулугу конституциялык-укуктук негиздерди туу туткан демократиялык мамлекетти шайлоо институту жок курууга мүмкүн эместигинде. Демократиялык мамлекетти куруу үчүн жарандардын конституциялык укуктарын, анын ичинде шайлоого жана шайланууга болгон укуктарын камсыз кылып берүү маанилүү.

Диссертациялык изилдөө Кыргыз Республикасынын шайлоо системасындагы конституциялык-укуктук негиздерин ишке ашыруудагы көйгөйлөргө арналган илимий изилдөө болуп саналат. Диссертациялык изилдөө иши теориялык материалдарга, мыйзам ченемдерине негизделип, эгемендүү шайлоо системасынын шайлоо процесстери талдоого алынып, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоонун жыйынтыктары салыштырмалуу иретте берилип, анын негизинде шайлоо системасындагы көйгөйлөр тастыкталган.

Изденүүчү изилдөө ишинде Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин жакшыртуу жолдорун аныктап, коргоого коюлган негизги жоболорун иштеп чыккан.

Диссертациялык иштин алкагында жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктары: теориялык сунуштар, практикалык сунуштамалар, талдоонун жыйынтыктары шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин ишке ашыруу үчүн конституциялык мыйзамдарга өзгөртүү киргизүүдө, шайлоо системасы боюнча тиешелүү окуу программаларын иштеп чыгууда колдонууга алынып, теориялык маанилүүлүгү жагынан салым кошо алат.

Изденүүчү 2015-жылдан 2020-жылга чейин Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын алдындагы Шайлоо технологиялар борборунун жетекчиси катары эмгектенип, шайлоо системасындагы көйгөйлөрдү ичинен таанып-билип, топтогон тажрыйбасы илим жаатында өз алдынча иштөөгө, шайлоо процессинин көйгөйлөрүнө сын көз караш менен кароого жана аналитикалык мамиле жасоо жөндөмдүүлүгүнө чоң өбөлгө боло алды. 2008-жылдан бүгүнкү күнгө чейин билим берүү системасында, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде ага окутуучу катары эмгектенип келүүсү изилдөө ишинде коюлган маселелерге талдоо жүргүзүүгө, студенттер арасында сурамжылоо иштерин уюштуруп, жаш шайлоочулардын шайлоо процессине болгон ой-пикирлерин билип, берген сунуштарын илимий ишинде чагылдырган. Студенттердин конституциялык шайлоо укугун ишке ашыруу боюнча окуу-методикалык колдонмо жазып, анын негизинде кошумча сабактарды өтүп жүргөндүгү изденүүчүнүн изилдөө ишине болгон кызыгуусунун жана жоопкерчилигинин көрсөткүчү болот алат.

Изденүүчүнүн шайлоо системасы боюнча түшүнүгү терец, тажрыйбасы бар болгондугунан улам анын Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кецешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамды жана Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын токтомдору менен нускамаларын колдонуп, талдоого алгандыгын өзгөчө белгилей кетүү керек.

Диссертацияда коюлган илимий максатка жетишүү жана ага байланыштуу маселелерди чечүү эмгектин түзүмүн шартташып, жумуш киришүүдөн, үч баптан жана сегиз бөлүмдү бириктирген негизги бөлүктөн, тыянактардан, практикалык сунуштардан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

Диссертациялык изилдөөдө алынган жыйынтыктар тиешелүү деңгээлдеги илимий жацылыгы менен мүнөздөлөт десек болот. Алсак,

биринчиден, Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук табиятын аныктоо маселелери теориялык жактан комплекстүү изилдөөгө алынган; экинчиден, шайлоо системасынын түшүнүгүн толук кандуу ачып берүү максатында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депуттарынын 2010-жылдан 2021-жылга чейинки шайлоолор жана 2023-жылдын 28-май, 10-сентябрь, 2024-жылдын 28-апрель айларында бир мандаттуу округдан чыккан депутаттын мандаты бош калгандыгына байланыштуу кайра шайлоордун жыйынтыгы талданып, көйгөйлөр белгиленип, анын негизинде сунуштар берилген; үчүнчүдөн, шайлоо системасынын маани-мацызы ачылып көрсөтүлгөн жана аны жонгө салуу боюнча автордун позициясы аныкталган; тортүнчүдөн, жарандардын конституциялык шайлоо укугун таануу боюнча автордун позициясы негизделген жана бул түшүнүккө автордун аныктамасы берилген.

Ошону менен бирге, изденүүчү Абдылдаева Н.У. бир катар конкреттүү практикалык сунуштарды иштеп чыккан. Алсак, биринчиден, “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Конституциялык мыйзамдын бир нече беренелерине өзгөртүү киргизүү боюнча автордун сунуштары негизделип берилген; экинчиден, автор Жогорку Кеңештин депутаты императивдик мандатка байланбагандыгына токтолуп, депутат кимдин гана болбосун – шайлоочуларбы, партиябы же фракцииябы - шайлоочунун наказын аткарууга милдеттендирилбей, өз ишмердигинде эркин болуп келип, жалпы мыйзам чыгаруу бийлик бутагына, шайлоочунун талапкерге болгон ишенимин төмөн түшүүсүнүн жана шайлоочунун шайлоого катышкан санынын жылдан жылга төмөндөөсүнүн себептерине токтолуп, тиешелүү өзгөрүүлөрдү мыйзамга киргизип, шайлоочуну да, шайланып келген бийлик өкүлүн да тартипке салуу сунуштарын негиздеп бере алган; үчүнчүдөн, шайлоо системасында ишке ашкан инновациялык технологиялар менен санариптешүү реформасы максатына толук кандуу жеткен жок, шайлоонун жыйынтыгынын бурмалоосу уланууда деп, далил катары 2015-жылдан берки шайлоонун жыйынтыктарынын анализин сандык көрсөткүч менен көрсөтүп, ошондой эле шайлоочунун шайлоого катышуу санынын кескин кыскарышын жана шайлоого келип добуш берген шайлоочунун ичинен “Баарына каршы” добуш берүүсүнүн өсүүсүн салыштырмалуу сандар аркылуу аныктап, шайлоо системасындагы кийинки реформанын баскычы билим берүү жана маданият тармагы аркылуу шайлоочунун аң-сезимине, маданиятына өзгөртүү киргизүү үчүн ыкмалар, окуу программалар иштелип чыгуусун негиздеп сунуштаган.

Изденүүчү тарабынан Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо

жөнүндө Конституциялык мыйзамдын беренелеринин тийиштүү бөлүктөрүнө өзгөртүү киргизүү сунуштары диссертациялык иштин практикалык сунуштамалар бөлүгүндө берилген.

Негизинен изденүүчү Абдылдаева Наргиза Уркасымовна "Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери" аттуу темадагы диссертациясында коюлган маселелер тиешелүү деңгээлде каралып чыгып, бул эмгек өз максатына жетти деп эсептейм. Диссертациялык изилдөөнүн илимий жыйынтыктары толугу менен изденүүчү тарабынан 14 илимий макалада чагылдырылып, РИНЦ системасындагы илимий журналдарда да жарык көргөн.

Жогорудагыларды эске алып, "Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери" аттуу темадагы диссертация «Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө» Жобонун 8- жана 10- пункттарынын талаптарына толук жооп берет жана 12.00.02 - конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн коргоодо оң баага ээ болуп, автору Абдылдаева Наргиза Уркасымовна аталган адистик боюнча илимдин кандидаты болууга татыктуу деп эсептейм.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Чоң рахмат, Венера Желденовна! Эксперттик комиссиянын мүчөлөрүн угууга өтөлү. Сөз эксперт, ю.и.д., доцент Аманалиев Урмат Олжобековичке берилет.

**Ю.и.д., доцент Аманалиев У.О.:** "Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери" аттуу темасынын үстүндө юридикалык илимдин кандидаты даражасын изденүүгө сунушталып жаткан Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын диссертациясы Д 12.23.669 диссертациялык кеңештин адистигине дал келет. Диссертация Кыргыз Республикасындагы шайлоо системасынын конституциялык-укуктук аспектилерин кылдат изилдөө аркылуу шайлоо процессине байланыштуу ченемдик-укуктук актыларды системалаштырып талдаган жана негизги конституциялык принциптерди аныктаган. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын өнүгүү тарыхын этап-этабы менен кылдат ачып бере алган, эгемендүүлүк мезгилинен баштап шайлоо процесстеринин эволюциясын талдап, шайлоо реформаларынын өзгөчөлүктөрүнө токтолгон. Шайлоо системасынын тарыхын талдоо изденүүчүгө шайлоо процессинин өнүгүү тенденцияларын жана өзгөчөлүктөрүн аныктоого мүмкүндүк берди, ошондой эле өнүгүү жолун көрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү.

Ченемдик-укуктук актылар менен шайлоо практикасынын ортосундагы өз ара байланышты терең талдоо аркылуу көйгөйлүү учурларды жана аларды чечүүнүн мүмкүн болгон жолдорун табуу илимий иште өзгөчө баалуу болуп

саналат. Автор теориялык негиздер менен практикага таянып, шайлоо системасын жакшыртуу боюнча кызыктуу сунуштарды бере алды.

Жалпысынан кандидаттык диссертация боюнча орчундуу сын-пикирлер жок, бирок илимий ишти андан ары өркүндөтүү үчүн төмөндөгүлөргө көңүл буруу абдан маанилүү:

1. Берилген сунуштардын мамлекеттик саясий системасына болуучу кесепеттерин талдоого көбүрөөк басым жасоо. Мисалы, сегизинчи жобого белгиленген шайлоочуга карата коюлуучу милдет. Анткени шайлоого баруу, катышуу маселеси конституциялык укук катары белгиленип келүүдө;
2. Шайлоо мыйзамдарына карата берилип жаткан өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду кигизүүдө тиешелүү эксперттик топтордун талкуусуна активдүү катышуу менен социологиялык сурамжылоолорду жүргүзүүгө көбүроок көцүл бурулса;
3. Жумуштагы стилистикалык жана граматикалык каталарды оңдоо сунушталмакчы.

Жогорудагы берилген пикирлер жумуштун маанисине таасирин тийгизбейт жана ал илимий ишти андан ары өркүндөтүү үчүн колдонулмакчы.

Жалпы жонунан аткарылган изилдөө иши талаптарга жооп берүү менен аткарылып, 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистигинин паспортунун пунктарына (Кыргыз Республикасынын ЖАК Президиумунун 2016-жылдын 27-декабрындагы №235 токтомунун 2-тиркемеси) толук жооп берет. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктун негиздерин так аткаруу боюнча изденүүчү тарабынан берилген сунуштарда конституциялык укук жана муниципалдык укук маселелери изилденген.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Чоң рахмат Урмат Олжобекович. Кийинки сөз эксперт, ю.и.д., доцент Джумалиев Данияр Сардарбековичке берилет.

**Ю.и.д., доцент Джумалиев Д.С.:** Юридикалык илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденүүгө сунушталган Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын "Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери" аттуу темадагы диссертациялык иштин аткарылышы 12.00.02-конституциялык укук; муниципалдык укук адистигине дал келип, диссертация берүү тартиби жөнүндөгү Жобонун 11-пунктунун талаптарына жооп берет.

Изденүүчү тарабынан алынган тыянактар жана натыйжалар баптар менен бөлүмдөрдүн мазмуну бирдиктүүлүк, ырааттуулук менен берилген. Изилдөө иши компетенттүү аныкталып, иштин максаттары жана чечүүчү негизги

милдеттеринин өз ара байланышы, ички биримдиги бар болуп, ырааттуулук менен түзүлгөн. Коргоого алынып жаткан натыйжалардын жана жоболордун шайлоо системасында актуалдуу экендиги, автордун ишинде алдын ала берилип, изилдөөнүн негизинде талданып, негиздери берилип, 2018-жылдан берки басылып чыгып келген илимий макаларындагы сунуштары бүгүнкү күндө коомчулукта талкууга аланып жаткандыгы иштин актуалдуулугуна далил боло алат.

Коргоого алынып жаткан натыйжалардын жана жоболордун жаңылык даражасы - илимий ишите автор шайлоочунун шайлоо системасындагы конституциялык-укуктук негиздерин ишке ашыруусунда 1991-жылдан 2024-жылга чейинки шайлоонун жыйынтыктарына талдоо жүргүзүп, шайлоонун жыйынтыгын бурмалаган учурларды далилдеп жана андан кийин ийгиликтүү ишке ашкан шайлоо системасындагы реформанын негизиндеги шайлоонунун жыйынтыгын бурмалоолорун өзгөрүү механизимдерин көрсөтүп, ортодогу айырмачылыктын негизинде көйгөйгөйлөрдү белгилеп, алардын өзгөрүүсүнө жана анын негизинде сунуштарга токтолгонго аракет көрүлгөн. Ошондой эле илимий иште автор Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңештин депуттарынын шайлоолорун анализдеп, шайлоочунун шайлоо тизмесиндеги санын, шайлоого келип шайлап кеткен шайлоочунун санын жанан анын ичинен канчасы баарына каршы экендиги тууралу талдоо жүргүзүп илимий ишинде чагылдырып, сандардын өзгөрүүсүн далил катары көрсөтүп, бүгүнкү күндө жарандын, анын ичинде шайлоочунун аң сезимине реформа керек экендигине токтолуп, сунуштарды бергенге аракет көрүлгөн. Жалпысынан кандидаттык диссертация боюнча орчундуу сын-пикирлер жок, бирок кошумча редакциялоонун зарылдыгы бар экендиги белгиленет.

Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын диссертациялык ишин 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын жактоого сунушталат.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Данияр Сардарбекович, ыраазычылык билдирем! Сөз эксперт, ю.и.д., доцент Джумагулов Айдар Муратовичке берилет.

**Ю.и.д., доцент Джумагулов А.М.:** Жалпысынан кандидаттык диссертация боюнча сын-пикирлер жок. Бирок кошумча редакциялоонун зарылдыгын мен да белгилеп кетем, изденүүчүгө техникалык жана стилистикалык кемчиликтерди жоюу максатында иш алып баруу керек. Негизгиси, изденүүчү тарабынан алынган тыянактар жана натыйжалар баптар менен бөлүмдөрдүн мазмуну бирдиктүүлүк, ырааттуулук менен берилген. Изилдөө иши компетенттүү аныкталып, иштин максаттары жана чечүүчү

негизги милдеттеринин өз ара байланыштар, ички биримдиги бар ырааттуулук менен түзүлгөн.

Коргоого алынып жаткан натыйжалардын жана жоболордун жаңылык даражасы - илимий ишите изеднүүчү шайлоочунун шайлоо системасындагы конституциялык-укуктук негиздерин ишке ашыруусунда 2010-жылдан 2024-жылдардагы болуп өткөн шайлоолордун жыйынтыктарын көрсөтүп, ортодогу айырмачылыктын негизинде көйгөйгөйлөрдү белигеп, аларыдын өзгөрүүсүнө токтолуп жана анын негизинде сунуштарга токтолгонго аракет көргөн. Ошондой эле изденүүчү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңештеринин депуттарынын шайлоолорун анализдеп, шайлоочунун шайлоо тизмесиндеги санын, шайлоого келип шайлап кеткен шайлоочунун санын жанан анын ичинен канчасы баарына каршы экендиги тууралу сандык анализ жүргүзүп илимий ишинде чагылдырып, сандардын өзгорүүсүн далил катары көрсөтүп, бүгүнкү күндө жарандын, анын ичинде шайлоочунун аң сезимине реформа керек экендигине токтолуп анын негизинде сунуштарды бергенге аракет көргөн.

Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн “Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери” темадагы диссертациялык ишин жактоого сунушталат.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Эксперттер диссертациялык иш боюнча акт беришти. Баштапкы материалдардын аныктыгы тууралуу корутунду жасашкан экен. Суроолор барбы? Суроо жок. Чоң рахмат, урматтуу кесиптештер. Анда добуш берүүгө өтөбүз. Бары “макул”, бир добуштан кабыл алынды. Эми коргоонун датасы боюнча, изденүүчү Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын коргоосунун датасын 2024-жылдын 13-декабрына коюуну сунуштайм.

Добушка коём, добуш берип коюңуздар. Бары “макул”, бир добуштан өттү.

**Төрага, ю.и.д., проф. Төктобаев Б.Т.:** Авторефератты басып чыгарууга жана таркатууга уруксаат берүү боюнча.

Добушка коём. Баары “макул”, бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Биз Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын кандидаттык диссертациясы жөнүндө эксперттик көмиссиянын мүчөлөрүнүн корутундусун жана баштапкы документтердин аныктыгын текшерүү актын уктук. Анда эксперттик комиссиянын корутундусун бекитүүгө жана протоколду бекитүүгө өтөбүз.

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 12.23.669 диссертациялык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын “Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери” (Конституционно-правовые основы избирательной системы Кыргызской Республики) темасындагы кандидаттык диссертациясы боюнча эксперттик корутундулар бекитилсин.

2. Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн берилген “Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери” (Конституционно-правовые основы избирательной системы Кыргызской Республики) темасындагы диссертациясы коргоого кабыл алынсын.

3. Бекитилсин:

1) **Жетектөөчү уюм:**
   “КЫРГЫЗСТАН ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ” окуу-илимий-өндүрүштүк комплекси юридикалык жактардын бирикмесинин юриспруденция жана эл аралык укук кафедрасы.
2) **Расмий оппоненттер:**
   2.1. Токтогулов Алмаз Асылбекович – юридика илимдеринин доктору, доцент, адистиги 12.00.02;
   2.2. Сатимкулов Убайдулла Акилбекович – юридика илимдеринин кандидаты, адистиги 12.00.02.

**Диссертациялык кеңештин**
**Төрагасы, ю.и.д., профессор** Токтобаев Б.Т.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы, ю.и.к.** Сагыналиева В.Ж.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

**12.00.02** – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алууга сунуш кылынган “Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери” (Конституционно-правовые основы избирательной системы Кыргызской Республики) аттуу темадагы юридика илимдеринин кандидаты даражасын изденүүгө сунушталган Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын диссертациясы боюнча Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу юридика илимдери боюнча **Д. 12.23.669** диссертациялык кеңештин 06.09.2024 ж., №20 протоколунун

**КЕЛҮҮ БАРАКЧАСЫ**

| № | Фамилиясы, аты, атасынын аты | Окумуштуулук даражасы, адистигинин шифры | Жыйынга келгендиги (колу) |
|---|---|---|---|
| 1. | Токтобаев Болот Токтомышевич (төрага) | ю.и.д., профессор 12.00.01 | |
| 2. | ШамурзаевТаалайбек Турсунович (төраганын орун басары) | ю.и.д., профессор 12.00.09, 12.00.08 | |
| 3. | Сагыналиева Венера Желденовна (окумуштуу катчы) | ю.и.к., доцент 12.00.01 | |
| 4. | Адилов Айбек Насырович | ю.и.д., профессор 12.00.09, 12.00.14 | |
| 5. | Аманалиев Урмат Олжобекович | ю.и.д., доцент 12.00.02, 12.00.14 | |
| 6. | Джумагулов Айдар Муратович | ю.и.д., доцент 12.00.01, 12.00.02 | |
| 7. | Джумалиев Данияр Сардарбекович | ю.и.д., доцент 12.00.01,12.00.02. | |
| 8. | Исманов Таалайбек Кадырович | ю.и.д., доцент 12.00.01 | |
| 9. | Ким Олег Дмитриевич | ю.и.д., профессор 12.00.09 | болеет |
| 10. | Молдоев Эдилбек Эсенович | ю.и.д., профессор 12.00.01, 12.00.14 | [illegible] Окум. катчы: |
| 11. | Сманалиев Кынатбек Мойнокович | ю.и.д., профессор 12.00.09 | |
| 12. | Сулайманова Назгуль Назарбековна | ю.и.д., профессор 12.00.08 | [illegible] Окум. катчы: |
| 13. | Сыдыкова Лейла Чынтургановна | ю.и.д., профессор 12.00.08 | командировка Окум. катчы: |
| 14. | Токтогулов Алмаз Асылбекович | ю.и.д., доцент 12.00.02, 12.00.14 | |
| 15. | Тугельбаева Бермета Галиевна | ю.и.д., профессор 12.00.09, 12.00.08 | |
| 16. | Саякова Мария Касымовна | ю.и.д., профессор 12.00.01, 12.00.14 | командировке Окум. катчы: |

**Диссертациялык кеңештин**

**Окумуштуу катчысы** **В.Ж. Сагыналиева**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

В. Сагыналиеванын колун тастыктаймын
Кадр бөлүмүнүн башчысы [illegible]